# Kyrgyz - Bad Mind Scriptures

Башталыштар 26:35 Алар Ыскак менен Ребеканын башына түшкөн кайгы болду.

Deuteronomy 28:65 Бирок ал элдердин арасында да силерге тынчтык болбойт, аягыңар жай таппайт, Теңир ал жерде да жүрөгүңөрдү титиретип, көзүңөрдү талытып, жаныңарды сыздатат.

Рут 1:18 Наами Руттун өзү менен бирге кетүүнү бекем чечкенин көрүп, көндүргөнүн токтотту.

2 Шемуел 17:8 Хушай сөзүн улантты: «Сен атаңды жана анын кишилерин билесиң, алар эр жүрөк жана балдарынан ажыраган талаадагы ургаачы аюудай абдан ачуулуу. Сенин атаң – жоокер адам. Ал эл менен чогуу түнөбөйт.

Акылмандык 21:27 Мыйзамсыздардын курмандыгы жийиркеничтүү, айрыкча алардын эки жүздүүлүк менен алып келгени жийиркеничтүү.

Акылмандык 29:11 Акылсыз адам бүт каарын чачат, ал эми акылдуу адам ачуусун басат.

Жезекиел Ezek 23:17,22,28 Ошондо Бабыл уулдары анын ойноштук төшөгүнө келишти, өздөрүнүн бузуку иштери менен аны булгашты, ал өзүн алар менен булгады, анан алардан жаны жийиркенди. 22 Ошондуктан, Айолиба, Кудай-Теңир мындай дейт: Мен сенин жаның жийиркенген ойношторуңду сага каршы козгойм, аларды туш-туштан сага каршы алып келем: 28 Анткени Кудай-Теңир мындай дейт: «Мына, Мен сени өзүң жек көрүп калгандардын колуна, жаның жийиркенгендердин колуна берем.

Жезекиел 36:5 Ошон үчүн Кудай-Теңир мындай дейт: “Менин жеримди өзүнө кубанып энчи кылып алган, аны ичинен жек көрүп, өзүнө олжо кылып алган башка элдерге каршы, бүт Эдомго каршы Мен Өзүмдүн кызганычымдын оту менен сүйлөдүм”.

Жезекиел 38:10 Кудай-Теңир мындай дейт: “Ошол күнү жүрөгүңө бир ой келип, сен бир жаман иш ойлоп таап,

Даниел 5:20 Бирок анын жүрөгү текеберденип кеткенде, руху катаалданып, тоотпос болуп калганда, ал өзүнүн падышалык тактысынан кулатылды, атак-даңкынан ажыратылды,

Лука 12:29 Ошондуктан силер: “Эмне жейбиз же эмне ичебиз?” – деп ойлонуп, тынчсызданбагыла.

Элчилер 12:20 Ал тирликтер менен сидондуктарга кыжырданып калган эле. Алар болсо өз ара макулдашып алып, ага келишти да, анын сарай кызматчысы Биластты ортого салып, тынчтык сурашты, анткени алардын дубаны падышанын дубанынан азык-түлүк алып турчу.

Элчилер 14:2 Ал эми ишенбеген жүйүттөр бутпарастарды бир туугандарга каршы тукуруп, кыжырдантышты.

Рим 1:28 Алар Кудайды таанып билүүнүн кажети жок дешкендиктен, ыпылас иштерди жасаган аларды Кудай ыпылас ойлорунун жетегине таштап койду.

Рим 8:6,7 Күнөөкөр табияттын каалоосу жөнүндө ойлоо өлүмгө дуушар кылат, Рухтун каалоосу жөнүндө ойлоо өмүр жана тынчтык берет. 7 Анткени күнөөкөр табияттын каалоосу жөнүндө ойлоо – Кудайга каршы кастык, себеби ал Кудайдын мыйзамына баш ийбейт, баш ие да албайт.

Рим 11:20 Туура. Алар ишенбестиги үчүн сындырылышты, сен болсо ишеним менен бекем турасың. Бирок текеберденип кетпе, андан көрө корк!

2 Коринф 10:5 Алар менен биз Кудайды таанып билүүгө каршы турган ар кандай ойлорду, менменсинүүчүлүктү талкалайбыз жана ар кандай ой жүгүртүүлөрдү Машайакка тил алдыруу үчүн туткундайбыз.

2 Коринф 11:3 Обо энени жылан өзүнүн куулугу менен алдап кеткендей эле, силерди да кимдир бирөө Машайак жолундагы жөнөкөйлүктөн жана тазалыктан четтетип, акылыңарды адаштырбаса экен деп корком.

Эфес 2:3 Бир кезде мындай адамдардын арасында биз да дененин каалоолорун аткарып, оюбузга келгенди кылып, денебиздин күнөөлүү каалоолору боюнча жашачубуз, башкалар сыяктуу эле табиятыбыз боюнча Кудайдын каарына кала турган адамдардан болчубуз,

Эфес 4:17 Ошондуктан Теңирдин атынан айтып эскертемин: мындан ары силер бутпарастарга окшоп куру кыял менен жашабагыла.

Колоса 1:21 Жаман ойлоруңардын жана жаман иштериңердин айынан бир кезде Кудайга бөтөн жана душман болгон силерди да

Колоса 2:18 Эч ким силерди жалган момундугу жана

периштелерге табынуусу менен азгырбасын. Мындай адамдар өздөрү көрбөгөн нерселерге кызыгышат, Баш менен бирикпей, өздөрүнүн адамдык акылы менен курулай эле текеберденишет.

1 Салоника 5:14 Силерден өтүнөрүбүз, бир туугандар, ээнбаштык кылгандарды эскерткиле, коркокторго кайрат бергиле, алсыздарды колдогула, баарына чыдамдуулук көрсөткүлө.

2 Салоника 2:2 «Машайак келип калды» деген рухка же сөзгө, же биздин атыбыздан жазылгансыган катка таянып, дүрбөлөңгө түшпөгүлө, үрөйүңөрдү учурбагыла.

1 Тимотей 6:5 Мындай талаш-тартыштар акылынан айныган, чындыктан алыстап кеткен, такыбаалыкты байлыкка жетүүнүн жолу деп ойлогон адамдардын ортосунда болот. Ошондойлордон алыс бол.

2 Тимотей 3:8 Жанес менен Жамбирес Мусага каршы чыгышкандай эле, алар да чындыкка каршы чыгышат. Алар – акылы бузулган, ишеними сыноодон өтпөгөн адамдар.

Тит 1:15 Тазалар үчүн бардыгы таза. Ал эми таза эмес жана ишенимсиз адамдар үчүн таза нерсе жок, анткени алардын акылы да, абийири да булганган.

Hebrews 12:3 Алдан тайып, кайратыңардан жазбашыңар үчүн, күнөөкөрлөрдөн ушундай кордук көргөн Ыйса жөнүндө ойлогула.

Жакып 1:8 Эки ойлуу адам өзүнүн бардык жолдорунда туруксуз.

Pastor T. John Franklin
Church of Salvation, Healing, and Deliverance
COS-HAD.org